**Алымкожоев Өмүрбек Жумадиловичтин «Орусиялык тарыхчы Ю. С. Худяковдун кыргыз таанууга кошкон салымы» аттуу 07.00.02. - Ата мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга жазылган диссертациялык ишине расмий оппонент т.и.к., профессор Муратбек Кожобековдун**

# ПИКИРИ

**1. Диссертациялык теманын актуалдуулугу**

Кыргыздар Орто Азиянын эң байыркы элдеринин бири жана азыркы убакта да бул чөлкөмдө жашаган этностор арасынан сыягы, тарыхта аты ушунча эрте жолуккан бир да калк болгон эмес. Анткен менен кыргыз калкынын тарыхы канчалык кылым түпкүрүнө узактаган сайын, анын айрым мезгилин изилдөө жана тактоо да ошончолук кыйынчылык жаратып келет. Арийне, мындай көрүнүштүн объективдүү тарыхый себептери бар. Ал биринчи кезекте, тарыхый жазма булактардын фрагментардык мүнөзүнө байланышкан. Кыргыз калкынын байыркы жана орто кылымдардын эрте мезгилин кучагына алган тарыхын изилдөө чабытынын эки кылым чамалуу историографиясына карабастан, жазма булак корпусунда орун алган маалыматтык өксүктүк менен даректик чаташуулардын түйүнү али чечиле элек. Жазма булак корпусуна кирген кытай, енисей-орхон руникалык жазуулары, араб, перс жана византиялык авторлордун маалыматтары объективдүү тарыхый көрүнүштү чагылдыруу менен анда субьективдүү автордук мамиле камтылбай койбойт. Ошондон улам кыргыздардын этногенез башаты, этникалык тарыхынын айрым урунттуу маселелери али такталбай талаш өңүтүндө калып келет. Мындай көрүнүш тарых илиминдеги парадокс проблемалардын катарына кирет жана ал тарыхчы адистердин аяр мамиле жасап, астейдил изилдөөсүн талап кылаары шексиз.

Кыргызтаануу илиминдеги мындай кырдаалдын жаралышына асыресе, жазма булак маалыматтарынын тартыштыгы, археологиялык иликтөөлүрдүн тармактык багытына жараша өнүгүшү, этнографиялык, антропологиялык жана фольклордук материалдардын жеткиликтүү изилденбей келиши да олуттуу проблемага кедергисин тийгизген.

Алымкожоев Өмүрбек Жумадиловичтин диссертациялык иши бул багытка салым кошо турган иликтөө эсептелинет жана анын актуалдуулугу шек туудурбайт. Диссертант теманын маанилүүлүгүн жана учурдун талаптарына шайкеш экендигин ынанымдуу керсөтө алган. Диссертация демилгелүүлүгү жана актуалдуулугу менен айырмаланат.

**2. Илимий жоболордун негизделишинин деңгээли.**

КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 04-8/34 «14» 02 22 г.

Диссертант сунуш кылган илимий жоболор кыйла ынанымдуу деңгээлде ар түрдүү булактар менен эмгектерге таянуу менен далилденген. Диссертациянын ырааттуу, хронологиялык жана логикалык курулган структурасы, колдонгон методологиясы менен ыкмалары тарыхый обьективдүүлүктүн принциптерине жооп берген жоболорду чыгаруусуна шарт түзгөн. Илимий жоболорго ылайык жүргүзүлгөн изилдөө натыйжасында, кыргыз калкынын тарыхын иликтөө багытындагы Ю. С. Худяковдун кошкон салымы, анын археологиялык нуктагы изилдөөлөрүнүн баалуулуктары, кыргыз этноними менен хакас терминдерин айырмалоого арналган иликтөөлөрү, кыргыздрдын курал-жарактарын изилдөөгө арналган эмгектери, кыргыздардын Улуу державалык мезгилин аныктоосу сыяктуу илимий чабыттары чагылдырылган.

Жоболор тарыхый булактарды жана ар кыл мүнөздөгү эмгектерди талдоонун натыйжасында чыгарылгандыктан, анын деңгээли талапка жооп берет.

**3. <u>Диссертацияда чыгарылган жыйынтыктын (илимий жобонун) корутундусунун негиздүүлүгү жана ишенимдүүлүгү</u>**

Алымкожоев Өмүрбек Жумадиловичтин диссертациялык ишинин киришүүсүндө сунуш кылынган жыйынтыктары менен корутундусу негиздүү жана ынанымдуу. Ага илимий айлампага киргизилген булактык материалдар жана илимий изилдөөнүн объектиси катары тандалып алынган Ю. С. Худяковдун эмгектерин толугу менен талдап чыгуу аракети диссертациялык иштин сапатын арттырган.

Коргоого сунушталган Жоболордо, биринчиден, Ю. С. Худяковдун кыргыз таануучу окумуштуу катары калыптанышына илимий мектептен тийгизген таасири; экинчиден, Ю. С. Худяковдун илимий көз караштары жана тыянактары байыркы жана орто кылымдарда ар кыл чөлкөмдөрдө байырлаган кыргыздардын тарыхы боюнча жаңычыл жана илимий чындыкка төп келгендиги; үчүнчүдөн, Ю. С. Худяков “Кыргыз” жана орто кылымдардагы Енисей тарыхы үчүн жасалма таңууланган “хакас” этнонимдеринин чечмеленишин сынга алганы илимий чөйрөдөгү талашта объективдүүлүккө жакындаган көз карашты тартуулаганы; төртүнчүдөн, Енисей жана Теңир-Тоо кыргыздарынын этномаданий, тектик жалпылыгын профессор Ю. С. Худяков ишенимдүү тарыхый-географиялык, археологиялык, лингвистикалык булактардын негизинде талдап айгинелөөгө аракеттенгендиги; бешинчиден, Кыргыздардын жана башка көчмөн уруулардын аскер иши, курал-жарактарын изилдөөдөгү профессор Ю. С. Худяковдун салымы асыресе, Евразиядагы көчмөндөр цивилизациясынын өнүгүүсүндөгү урунттуу жагдайларды жаңычыл мамиле жасашы; алтынчыдан, профессор Ю. С. Худяковдун Кыргыз каганаты доорундагы кыргыздардын аскер иши, согуштук өнөрү, курал-жарактарынын өнүгүшү, журт которуулары боюнча жаңы археологиялык жана

этнологиялык маалыматтарына негизделген илимий жоболорду калыптандырган көз караштагы илимий мектепти түзүп, анын өнүгүшүнө өбөлгө түзө алгандыгы каралган.

**4. <u>Алынган жыйынтыктардын ички биримдигин баалоо</u>**

Диссертациялык иштин ички биримдиги анын мазмуну, хронологиялык жана логикалык жактан ырааттуу түзүлүшүнөн, койгон максаттары менен милдеттеринин тактыгынан байкалат. Изилдөөнүн тарыхнаамасы, булактык базасы, методологиясы жана изилдөө методдору иштин жана андагы натыйжалардын ырааттуулугу менен биримдигин айгинелеп турат. Диссертациялык иштин жыйынтыктары тандалып алынган проблемага байланыштуу эмгектердин жана кыргызтаануууга байланышкан изилдөөлөргө таянуу менен чыгарылган. Иштин негизги бөлүгүндө, Профессор Ю. С. Худяковдун өмүр таржымакалын жана илимий ишмердүүлүгүн чагылдырган булактар; профессор Ю. С. Худяковдун илимпоздук, педагогдук устатчылыгы; анын орто кылымдагы кыргыз тарыхынын талаш проблемаларына болгон мамилеси; Ю. С. Худяковдун кыргыздардын согуш өнөрүн жана курал-жарактарын изилдгенен артыкчылыктары баяндалып, алар бири-бирин толуктап турат. Мезгил талабына ылайык жазылган иште бир катар жаңы жыйынтыктар менен баалуу практикалык сунуштар бар. Аларды диссертанттын кыргыз тарыхнаамасына кошкон жеке салымы катары эсептесе да болот.

**5. <u>Диссертациянын негизги жоболорун, натыйжаларын жана корутундуларын жарыялоонун жетиштуу толуктугун ырастоо</u>**

Диссертациялык иштин негизги мазмуну жарык керген 22 макалада чагылдырылган. Алардын ичинен беш макала Россиядагы рецензияланган журналдарда жарыяланган. Диссертациянын негизги жоболору бир катар илимий конференцияларда баяндалган. Жетиштүү сандагы макалалардын жарыяланышы КР УАКтын талаптарына жооп берет. Автордун илимий эмгектеринин тизмеси диссертациялык иштин авторефератына киргизилген.

**6. <u>Авторефераттын диссертациянын мазмунуна туура келиши</u>**

Диссертациянын мазмуну Авторефератта толук чагылдырылып жана кыскартылган түрдө камтылган. Ага негизги жоболор менен жыйынтыктар киргизилген. Авторефераттын расмий тилдеги котормосу жакшы жазылгандыгын жана мамлекеттик тилдеги авторефератка дал келээрин белгилейбиз. Иштин резюмеси талапка ылайык, кыргыз, орус жана англис тилдеринде берилген. Автореферат толугу менен диссертацияда коюлган максат менен милдеттерди ачууга дал келет. Орус жана англис тилиндеги резюмелери бирдей.

**7. <u>Диссертациянын мазмуну жана жасалгаланышы боюнча кемчиликтери</u>**

Диссертациялык иште белгиленген жетишкендиктерине карабастан айрым кемчиликтер да кездешет. Алар:

1. Диссерациялык иште изилдөөнүн деңгээли толук ачылган эмес. Ошондой эле, изилдөөнүн обьектиси жана предмети (42-47-б.) методологияга киргизилип калган;

2. Изилдөөнүн обьектиси менен предмети так көрсөтүлбөгөндүктөн, изилдөө темасын толук ачканга, проблемалардын алмашышына жол берилгендиги байкалат;

3. Тарыхнаамалык талдоодо авторлордун эмгектеринин аталыштары жазылса, окурмандарга жеңил да, талапка ылайык да болмок. Советтик жана постсоветтик тарыхнаамада хронологиялык жана аймактык ыраатуулукту сактоо менен авторлордун кошкон салымдарын көрсөтүү керек эле;

4. Изилдөөнүн методологиясы жана методдору аталган бөлүмдө, талапкер тарабынан ар кандай изилдөө методдору колдонулгандыгы көрсөтүлөт. Анткен менен белгилүү бир проблеманы талдоо боюнча башталышында белгиленген методго ылайыкташтырып изилдөө жүргүзүү жолу (Б. 42-44) кийинки белгиленген методдордо айтылбай калган;

5. Диссертацияда стилистикалык жана грамматикалык мүчүлүштүктөр кездешет. Талапкердин тарыхый терминдерди колдонууда публицистикалык стилге айрыкча басым жасагандыыг көзгө урунбай койбойт.

**8. <u>КР УАКтын диссертацияларга койгон талабына жооп бериши</u>**

Алымкожоев Өмүрбек Жумадиловичтин диссертациялык иши жогорудагы аталган жеңил оңдоло турган кемчиликтерге карабастан, өз алдынча жана жетиштүү илимий-теориялык деңгээлде даярдалган илимий изилдөө. Анын «Орусиялык тарыхчы Ю. С. Худяковдун кыргыз таануута кошкон салымы» аталган диссертациясы КР УАКтын кандидаттык диссертацияларга койгон талаптарына жооп берет. Изденүүчү Алымкожоев Өмүрбек Жумадилович 07.00.02. - Ата мекен тарыхы адистиги боюнча, тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын ыйгарууга татыктуу деп эсептейбиз.

Расмий оппонент:
Тарых илимдеринин кандидаты,
КТМУ профессору Кожобеков М. Ч.

11. 02. 2022

КЕҢСЕ

М. Ч. Кожобековдун колун тастыктайм
Максатбекова С.
шк. О.К.